***ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ***

***ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ***

***PHILOSOPHICAL SCIENCES***

*Кармышаков Т.М.*

# МОЛДО НИЯЗ ЖАНА МОЛДО БАГЫШТЫН ДИНИЙ КӨЗ КАРАШТАРЫНА ФИЛОСОФИЯЛЫК ТАЛДООНУН КЭЭ БИР ЖАГДАЙЛАРЫ

*Кармышаков Т.М.*

# НЕКОТОРЫЕ АСПЕКТЫ ФИЛОСОФСКОГО АНАЛИЗА РЕЛИГИОЗНЫХ ВОЗЗРЕНИЙ МОЛДО НИЯЗА И МОЛДО БАГЫША

*T.M. Karmyshakov*

# SOME ASPECTS OF THE PHILOSOPHICAL ANALYSIS OF RELIGIOUS BELIEFS OF THE MOLDO NIYAZ AND MOLDO BAGYSH

*УДК: 81:39/81-02*

*Макалада автор Совет бийлигинин тушунда улуттук аңдоо сезими мокоп, Молдо Нияз жана Молдо Багыштын жазма мурасы унутулган, ал эми учурда көз карандысыз улуттук аң-сезимди жана улуттук идеологияны жолго коюуда алардын чыгармалары философиялык изилдөөлөрдү талап кылгандыгы көрсөтүлгөн. Жүргүзүлгөн иликтөөнүн методологиялык негизин чет элдик Гуревич А.Я., Канке В.А., Васильев Л.С. жана ата мекендик илимпоздордун Аманалиев Б., Какеев А.Ч., Плоских В.М., Сооронов О., Жоробекова Э.Ж., Эркебаев А.Э., Алахан Садыктын эмгектери түзгөн Иликтөөдө Молдо Нияздын жана Молдо Багыштын ырларындагы эсхатологиялык, мистикалык идеялардын орун алышы мыйзамченемдүү деп табалат, анткени ошол кездеги кыргыз коомчулугундагы саясий, социалдык-экономикалык катаал кырдаал акындардын дүйнөдөгү көз караштарында, алардын чыгармаларында ошондой формада чагылдырылган.*

***Негизги сөздөр:*** *идеологиянын курмандыктары, жазма акындар, дин, молдо, теоцентризм, креационизм, провиденциализм.*

*В статье автор обращается к теме необходимости философского исследования письменного наследия Молдо Нияза и Молдо Багыша, так как в годы советской власти его значение неоправданно умалялась, хотя важность их творчества в формировании современного национального самосознания и идеологии неоспорима. Методологической основой проведенного исследования явились труды таких зарубежных ученых как Гуревич А.Я., Канке В.А., Васильев Л.С., а также отечественных - Аманалиева Б., Какеева А.Ч., Плоских В.М., Сооронова О., Жоробековой Э.Ж., Эркебаева А.Э., Алахана Садыка. В изыскании обосновывается то, что эсхатологические и мистические идеи Молдо Нияза и Молдо Багыша в их товорчестве является закономерным, ибо та сложная политическая, социально-экономическая ситуация существовавшая в кыргызском обществе отражалась в такой форме в их наследии.*

***Ключевые слова:*** *жертвы идеологии, поэты-письменники, религия, мулла, теоцентризм, креационизм, провиденциализм, креационизм, провиденциализм.*

*In the article, the author addresses the need for a philosophical study of the written heritage of Moldo Niyaz and Moldo Bagis, since during the years of Soviet power; its importance was unduly diminished, although the importance of their creativity in the formation of modern national identity and ideology is undeniable. The methodological basis of the study was the works of such foreign scientists as Gurevich A.Ya., Kanke V.A., Vasilyev LS, and also domestic scientists - Amanalieva B., Kakeeva A.Ch., Ploskikh V.M., Sooronova O., Zhorobekova E.Zh., Erkebaeva AE, Alakhan Sadyk.The survey substantiates that the eschatological and mystical ideas of Moldo Niyaz Jean Moldo Bagysh in their co-production is natural, because that difficult political, socio-economic situation that existed in Kyrgyz society was reflected in this form in their heritage.*

***Key words****: ideology victims, poets, religion, mullah, theocentrism, creationism, providentialism, creationism, providentialism.*

Совет бийлигинин тушунда кыргыздардын улуттук аңдоо сезимин мокотуп, жалпы советтик элдин аң-сезими менен жуурулуштурууга аракеттер жасалган. Союз кулагандан кийин, башка түрк элдери сыяктуу кыргыздарда да, көз карандысыз улуттук аң-сезимди жана улуттук идеологияны жолго коюу зарылдыгы келип чыккан. Мындай ишти орундатуу үчүн, элибиздин оозеки жана жазма чыгармалары улуттук

аң-сезимдин түптөлүшүнө маанилүү ролду ойнору эске алына баштайт.

Бул тууралуу Ч.Т. Айтматов минтип жазган: «Манаста» айтылгандай, тоо бузулуп сай болуп, сай бузулуп тоо болуп, төккөн жаандай жылдар өтүп, нечен доорлор ала салып алмашып, элдин тарыхын, көргөн күнүн, көрөңгөлүү сөзүн ооздон оозго сактап жүрүп олтургандар эл ичиндеги жомокчулар, санжырачылар, ырчылар, чечендер болду. Алар кыргыз элинин тарых-таржымалын, сөз өнөрүн, тил байлыгын биздин калемдүү, жазма-басмалуу заманга жеткирип келишти» [12, 6-б.].

Молдо Нияздын жана Молдо Багыштын ырларын изилдөө керектиги кыргыз элинин өз маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келишкен болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган [12, 6-б.]. Демек, 1917-ж. Чейинки жана советтик бийликтин алгачкы жылдарындагы кыргыз акындарынын жазма чыгармалары илимий жактан ого бетер баалуулугун айгинелейт.

Бул макалада автор Молдо Нияздын жана Молдо Багыштын кээ бир диний көзкараштарына философиялык талдоону максат койгон. Изилдөөнүн эмпирикалык базасы – Молдо Нияздын жана Молдо Багыштын колжазмалары. Теориялык негиз болуп төмөнкү ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектери түзгөн: Ч. Айтматов, Б. Аманалиев, А. Нарынбаев, Ж. Жаныбеков, А. Какеев, О. Сооронов, Алахан Садык, В. Плоских, Э. Жоробекова, Л.Васильев, А. Гуревич, В. Канке, ж.б.

Бардыгыбызга маалым, Совет бийлигинин идеологиясына туура келген социалисттик принциптерге ылайык болгон элдик чыгармалар чогултулуп, жарыкка чыгарылган, ал эми диний маанайдагы акындарыбыздын чыгармалары көбүнчө көмүскөдө калтырылчу. Анын арасында Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Нурмолдо, Молдо Багыш ж.б. насыяттары «унутулган адабияттын» катарын толукташкан. Советтик идеологиянын курмандыктарынын катарына илимпоздор Алдаш Молдону, Корголду, Казыбекти, Осмоналы Сыдык уулун, Белек Солтоноевди, Сыдык Карачев сыяктуу таланттуу инсандарды кошушат. Советтик мезгилде репрессияга төл адабиятыбыздын калемгерлери туш болгон: Молдо Багыш, Осмонкул, Боогачы, Касым Тыныстанов ж.б. [1, 14-б.].

Бул макалада Молдо Нияз Эрназар уулу (1823-1896-жж.) жана Молдо Багыш Сарыбай уулунун (1888-1937-жж.) ырларынын мисалында, б.а. 1917-ж. чейинки кыргыз жазма эстеликтерин изилдөө – өтө актуалдуу маселе экендигин далилдөө максаты коюлган. Изилдөөнүн керектиги, А.Ч. Какеев белгилегендей, жазма акындар калктын бай бөлүгүнөн келип чыгышканы жана белгилүү социалдык абалга ээ болушканы менен, алар абройлуу адамдардын катарын түзүшүп, элдин арасында жашап, алардан билими менен гана айырмаланышкан, бирок элден өтө алысташкан эместигинде жатат.

Ошондуктан ал кезде билимдүүлөргө «молдо» (сабаттуу) деген эпитет кошулуп айтылчу. Молдо Багыш өзү жөнүндө мындай жазган:

Өзүм молдо баламын,
Колумда дайым каламым
Асан молдо устатым,
Билимине канамын.
Арапча жазып арипти,
Такшалып күндө барамын [3, 37-б.].

Албетте, совет бийлигине чейинки кезде билимдүү адамдардын негизги милдети – эл ичинде диний көз карашты таратуу, дин жоболорун түшүндүрүү болгон:

«Эл ичине алымча,
Шарият жолун таратам» [3, 38-б.].

Жазуу тексттердин бир бөлүгү дин кызматкерлеринин колдонуусу үчүн кат тааныган тарабынан жазылса, экинчиси – коомдук мааниге ээ болгон маселелерге арналган [4, 173-б.]. Илимпоз А.Я. Гуревичтин пикиринде, ар бир ырда, текстте автордун аудиторияга болгон мамилеси орун алат, максаты коюлат [5, 340-б.].

Жазма акындардын, айрыкча Октябрь революциясына чейинки учурда, чыгармалары илим үчүн маанилүүлүгүн академик В.М. Плоских да мынтип көрсөтөт: «XVII-XIX кк. кыргыздардын жазма эстеликтери чындыгында кайталангыс документтер, себеби кыргыз элинин тарыхында бул мезгил «жазылган» эмес деп эсептелчү» [6, 19-б.].

1917-ж. чейинки кыргыз жазма эстеликтерин изилдөө маселесин кароодо маданиятыбызда дин маанилүү ролду ойногонун эске алуу мыйзамченемдүү. Кыргыз мамлекети православие дининин жаңы жыл майрамын расмий майрам катары кабыл алуу менен бирге ислам дининин майрамдары болгон орозо айт жана курман айт майрамдарын да белгилөөдө. Өлкөбүздө кыргыздардын көбү мусулман. 1991-жылдан тарта мечиттердин саны 30 эсе көбөйдү жана көбөйүдө [8, 15-б.]. Кыргызстандын ар бир айылында мечити бар десек жаңылышпайбыз. Ал эми Борбордук Азия аймагын алганда Кыргызстанда 2000 ашуун диний уюмдар катталган, жаңы 14 диний агым ишмердүүлүктөрүн жүргүзүшөт, мындан сырткары 400 жакын уюм катталган жок, алардын уставдары өлкөбүздүн мыйзамдарына дал келбегендиктен. Демек, учурда динге болгон коомдун мамилеси жаңы изилдөөлөрдү талап кылууда.

Эми тарыхка кайрылсак, атактуу дин изилдөөчүсү Л.С. Васильевдин баасында, дин Чыгышта да, Ба-

тышта да ар дайым туруктуулукка, учурдагы ченемдерди консервациялоого, социалдык-саясий статусквону сактап калууга ставкага коюлган. Илимпоздун бул өңүттөгү дагы бир пикирин келтирсек: «Диниймаданий салт өз аксессуарлары жана институттары менен чындыгында тигил же бул цивилизациянын өзгөчөлүктөрүн аныктайт» [10, 17-б.].

Молдо Нияз жана Молдо Багыштын ырларын талдоодо философиянын тарыхындагы динге байланышкан кээ бир түшүнүктөрүнө токтолсок. Теоцентристтик принцип боюнча Кудай-болмуштун, жыргалчылыктын жана сулуулуктун булагы. Жашоонун жогорку максаты да Кудайга кызмат кылууда түшүнүлгөн. Антикалык дүйнөдө үстөмдүк кылган көп кудайларга ишенимже политеизм көз карашы Орто кылымдарда жоюлат. Анын ордуна иудаизм, христианчылык, мусулманчылык жалгыз Кудайга ишенүүгө чакырышат. Буга окшогон окуулар монотеисттик деп аталат.

Демек теоцентризмдин философиялык мааниси кандайча? Илимпоздордун пикиринде философия жөн жерден теоцентристтик көрүнөшкө айланган жок [2, 53-б.]

Молдо Нияздын чыгармаларындагы диний дүйнө тааным негизги болушун А. Эркебаев мынтип айтат: «Молдо Нияздын санаттарында адамга, коомго, жаратылышка мусулманчылык көз караш даана билинет. Дүйнөнүн сүрөттөлүшү, акындын ырларында, диний маңызга ээ: эки дүйнө бар, анын бири – азыркы, бул жашоодогу дүйнө, ал жалган, ал эми экинчиси – аркы, тиги, чыныгы, бейиш дүйнө. Бардык нерсенин жаратуучусу – бир гана Кудай» [13].

Молдо Ниязга кайрылсак:
Өзү кадыр кылур
Йоктан бинаани.
Өзү нурудан берип
Аты уулуну Мухаммад
Хабиб деп үмүт кылабыз
Бейиштин жайы о дүнүйө
Жалгандын жайы бу дүнүйө [11, 76-78-бб.]

*Теоцентризм* – бул субьекттин, анын дүйнөдө ээлеген өзгөчө ордун чагылдырган тарыхый формасы. Адам бардык табият реалдуулуктары менен уруулук мамилелер менен тыгыз байланышы сакталган, бирок ал өзүнүн өзгөчөлүгүн түшүнө баштаган кезде Абсолюттуу инсан, Кудай принциби жалгыз тура деп эсептейт. Субъекттин ролу бөлүнүп каралганы менен, аны толук кандуу белгилүү адамдарга тиешелүүлүгүн көрсөтү мезгили жеткен жок. Абсолюттуу инсан принциби – бул антикалык мезгилге караганда, тереңирээк субьективдүүлүктү түшүнүүгө жетишүү. Теоцентризм принциби кенен болгондуктан орто кылым философторун болмуш, маңыз, бар болуу, сапат жана касиет түшүнүктөрдү кароого жана тактоого түрткү берген.

Кийинки түшүнүк – *креационизм.* Ал Кудайдын эч нерседен дүйнөнү жараткандыгы тууралуу окуу. Кудай жаратуу үчүн эч нерсеге - же дүйнөгө, же кандайдыр башка нерсеге - муктаж эмес. Антикалык философияда адам дүйнөгө тыгыз байланышта каралса, эми бул байланыш үзүлүп, адам алдында өз болмушун өзгөртүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Эгерде Кудай жарата алса, анда аз ченемде болсо да – адам да жаратмандык кыла алат. Жаратуучулук идеясы кызуу талкууга алынат. Кудай жогорку Жаратуучу-падыша демек ага баш ийгендер бар – субъекттер. Жаратмандыктын идеясы ар мезгилде эле элдин касиети, мүмкүнчүлүгү катары каралган эмес, тескерисинче – адамдардын ойлоп табуулары Кудайга ишенбестик менен тең бааланчу. Ушундан улам инженердик ой жүгүртүү да токтоп калган мезгили болгон.

Кудай кантип жаратат? Элдин ичинде бул жөнүндө ар түрдүү пикирлер жүргөн. Философтор болсо жаратуучу кубулушту физикалык катары эмес, Плотиндеги Бирдиктүү-Кудайдын эманациясы түрүндө түшүнүлгөн. Бирок айырмачылыгы – эгерде Плотиндеги эманация Кудай менен биргеликте каралса, философтордо Кудай жараткан нерселер менен – ар башка. Маселен, жалгыз Кудай гана кынтыксыз, катаасыз. Креационизмде Кудай – булл башкы принцип болгондуктан, ага жаратуу үчүн нерсе катары материяны карама-каршы кароо туура эмес.

Молдо Багыштын ырларында окуйбуз:
Кудай берет тилекти,
Жакшылык кылсаң жардыга…
Көрөт пенде жигиттер,
Кадыр Алла салганын [3, 45, 51-бб.]

Эми *провиденциализм* түшүнүгүнө кайрылсак. Ал тарыхты Кудайдын адамды куткаруу үчүн алдын ала планын ишке ашыруусу катары түшүнүүсү. Провиденциализм космологияда дүйнөлүк гармония идеясын, табияттын баарысын ченемдүү экендигин айтат. Провиденциализм адамдын эркиндигин четке кагат, бирок ал эркиндиксиз көбүрөөк табигый эмес күчтөр менен байланыштырган: же коомдук, же субъекттин өзүндө, анын жашоо динамикасында.

Орто кылымдарда философтордун ой толгоолорунда циклдуу, кайталануучу өнүгүүгө көңүл бурулган. Ошону менен бирге Ыйык тарыхта көнүмүш кайталануу жараяндары каралган эмес. Кудайдын жашоосуна байланышкан бардык нерселер убакыттык ченемде мүнөздөлгөн.

Орто кылым философиясынын дагы бир белгиси – бул антропоцентризм, б.а. адам - жөн гана микрокосмос эмес, ал Кудай жараткан артыкчылыктуу жандуу нерсе, ал жаратылган нерселердин падышасы. Молдо Ниязда бул жөнүндө:
Жан эгем өзү жараткан
Он сегиз миң ааламды…

Жан-жаныбар тукумдап,
Жазды худай жаратты.
Жаңы өспүрүм уланга
Назды худай жаратты.
Кара калем, ак кагаз
Хатты худай жаратты.
Адамнын учар канаты
Атты худай жаратты [11, 26-28-бб.]

Философиянын жана диндин башкы маселеси – Космос эмес, адам. Адамды денеси жана дили менен гана өлчөбөстөн, «рух» рухийлик да кошулат, адамдын динге ишеними аркылуу байланыштыгы. Эң жогорку жакшылык – акыл же интеллект эмес, ак ниет, таза эрк, Кудайдын жоболоруна баш ийүү. Кудай аркасында гана адам жакшылыкка жетишет.

Коом – бул чын дүйнөгө даярдануу. Диний көз караш бир топ кыргыз залкар акындарыбызга, маселен, Молдо Багышка да мүнөздүү. Анын ырлары бул нерсеге далил боло алат:

Каза кылба намазын
Кандай пенде болсоң да,
Караңгы көргө барасың.
Аңкүр менен Мүңкүрдүн,
Тартасыңго жазасын.
Ошондуктан пенделер,
Ойлон жандын чамасын.
Алла таала буйруган,
Ажыратып ичкин деп,
Адал менен арамды [3, 42-44-бб.].

Илимпоз Б. Аманалиев белгилегендей, XIX - XX кк. Башындагы кыргыз ойчулдардын чыгармалары диний-идеологиялык мүнөздө болсо да, аларды толугу менен реакциячыл-консервативдүү, феодал-байлардын жана диний идеологиянын таза өкүлдөрүнө айлантпоо керек. Анткени алардын ырларын бир жактуу, догматикалык-схемалык баалоо туура эмес [7, 172-б.].

Ошентип, Молдо Нияздын жана Молдо Багыштын ырларындагы эсхатологиялык, мистикалык идеялардын орун алышы мыйзамченемдүү, себеби дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, коомчулукта оор күндөрдө, согуштар ж.б. мындай идеялар басымдуу болгон экен.

**Адабияттар:**


1. Алахан Садык (Тиллебаев Садык Алаханович). Унутулган адабият. - 1-китеп. - Б.: «Бийиктик», 2006. - 352 б.
2. Канке В.А. Философия. Исторический и систематический курс. Учебник для вузов. 2-е изд., перераб. и доп. - М.: «Логос», 1998.-352 с.: ил.
3. Молдо Багыш Сарыбай уулу. Абак дептери. Түз. О.Сооронов. - Б.: Акыл, 1998. - 262 б.
4. Какеев А.Ч. Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. - Бишкек, 1995. - 195 с.
5. Гуревич А.Я. Проблемы средневековой народной культуры. - М., 1981.
6. Плоских В.М. Первые киргизские посольства в России (конец 18-сер. 19 вв.) Известия АН Киргизской ССР. Общественные науки. 1988. №4.
7. Аманалиев Б. Киргизские мыслители XIX начала XX в. Автореф. дисс…филос. наук. - Баку, 1965.
8. Дыйканбаева А. Кыргыз уламыштары. - Б., 2005.-348-б.
9. Жоробекова Э.Ж. Центральная Азия – регион этнокультурного разнообразия и межкультурного диалога. Китепте: Межкультурный диалог, коммуникации и навыки в Центральной Азии. - Бишкек, 2009. - 132 с.
10. Васильев Л.С. История религий Востока. 2-е изд., перераб. и доп. - М.: Высш. школа, 1988. - 416 с.
11. Молло Нияз. Санат дигарасттар. – Арап тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага Р. Зулпукаровдун көмөгү менен көчүргөн, китеп кылып түзгөн жана баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган О.Сооронов. - Бишкек, 1993.
12. Айтматов Ч. Т. Мурас – биздин жалпы кенчибиз. Китепте: Кожожаш: Эпос. Баш сөзүн жаз. Ч.Айтматов, А.Акматалиевдин жалпы редакциясы менен түз. К.Кырбашев. - Бишкек: Шам, 1996. - 248-б.
13. Эркебаев А. Возвращение к своему народу. - Слово Кыргызстана. - 1993. - 17 декабря.


**Рецезент: к.филос.н., доцент Эргешбаева Р.Дж.**